**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кецештин мүчөсү п.и.д., проф. Н.А. Асипованын изденүүчү Манашева Кенжегул Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери" аттуу 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча**

# ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУСУ

Эксперт п.и.д., профессор Асипова Нурбубу Асаналиевна изденүүчү Манашева Кенжегул Пазыловнанын "Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери" аттуу темадагы диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынып жаткан диссертациялык иш Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Диссертациялык иштин темасы 13.00.01- педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 - – дене тарбиянын теориясы жана методикасы адистиктердин мазмунун камтып турат.

**2. Диссертациялы иштин темасынын актуалдуулугу.**

Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугунда шек жок, анткени коомдун мүчөлөрүнүн, анын ичинде өсүп келе жаткан муундун ден соолугу өлкөнүн келечегин, анын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кыла ала турган адам ресурстарына муктаж. Ал эми ден соолугу чың жаш муунду тарбиялоо заманбап мугалимдердин даярдыгына байланыштуу экендиги талашсыз. Бул талаптар КР "Адеп-ахлактык жана дене тарбиясы" (2021) концепциясында, Билим берүү законун (2023) беренелеринде орун алган. Андыктан өсүп келе жаткан муундун ден соолугун чындоодо улуттук приоритеттерден болуп эсептелет ал эми улуттук дене тарбия оюндарын активдештирүү, алардын ичинде тогуз коргоол оюунун таалим-тарбиялк мүмкүнчүлүктөрүн ачуу жана аталган багытта дене тарбия мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгун калыптандыруу – учурдагы педагогика илиминин актуалдуу маселелеринен болуп эсептелет.

Изилдөө заманбап дене тарбиясындагы карама-каршылыктарды эске алуу жана кыргыз элинин дене тарбия боюнча тажрыйбасына таянуу аркылуу социалдык жана педагогикалык жактан фундаменталдуу, практикалык жактан

зарыл болгон ЖОЖдо дене тарбия боюнча адистерди даярдоо маселесин чечүүгө арналган.

**Изилдөөнүн максаты** – болочок дене тарбия мугалимдерин улуттук тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандырунун илимий-теориялык негиздерин, педагогикалык шарттарын, технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо, алардын натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу деп аныкталган.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин аныктоо.
2. Алдыңкы илимий методология жана методдорго таянуу менен болочок мугалимдердин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун мазмунун, педагогикалык шарттарын жана моделин иштеп чыгуу.
3. Болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча педагогикалык шарттарды жана моделди эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу деген маселелерди камтыйт.

Изилдөөнүн максат, милдеттерине ылайык анын өзөгүн тарбия мугалимдеринин улуттук оюндар боюнча адистерди даярдоо, тактап айтканда, тогуз коргоол оюуну боюнча болочок муглимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу түзүп турат.

Белгиленеген максат, милдеттерге жетүү үчүн изилдөөчү учурдагы заманбап методология болуп эсептелген – компетенттүүлүк теориясына таянуу менен дене тарбия мугалимдеринин улуттук тогуз коргоол оюунун боюнча кесиптик компетенттүүлүк моделди жана педагогикалык шарттарды иштеп чыгууну көздөйт.

**3. Изилдөөдөн келип чыккан натыйжалар жана алардын теориялык жаңылык деңгээли.**

Диссертациялык иште каралып жаткан иштин максатына жана милдеттерине ылайык төмөнкүдөй натыйжалар алынган:

1. Натыйжа: Кыргыз улуттук оюндарынын таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн илимий жаткан талдоо аркылуу болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери аныкталган.

2. Натыйжа: Заманбап илимий методология жана методдорго таянуу менен болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптантыруунун мазмуну, педагогикалык шарттары, тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүктү калыптандыруунун критерийлери, деңгээли, көрсөткүчтөрү жана аларды ишке ашыруу модели иштелип чыккан.

3. Натыйжа: Болочок дене тарбия мугалимдеринин тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык

шарттары жана модели педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, тиешелүү теориялык жыйынтыктар жана практикалык сунуштар иштелип чыккан.

Изилдөөдөгү алынган натыйжалар учурдагы актуалдуу көйгөйлөрдү чагылдыруу менен коюлган милдеттер теориялык жана практикалык жактан жетишээрлик деңгээлде чечилген. Диссертациялык иштеги айрыкча көңүл бурууга арзый турган натыйжа катары кыргыз элинин тогуз коргоол оюнунун таалим-тарбиялык өзгөчөлүгүн ачууда жатат. Айрыкча анын окуучулардын интеллектуалдык жактан өсүп-өнүүсүндөгү ордун ачуу, жана болочок мугалимдердин аталган оюнду үйрөтүү боюнча кеситпик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын иштелип чыккандагы менен баалуу.

Алынган натыйжалар изилдөөнүн максат, милдеттерине шайкеш методдорду колдонуу менен аткарылып, педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, илимий чөйрөдө апробациядан өтүп, илимий басылмаларда жарык көргөн.

4. **Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Каралып жаткан диссертациялык иштин практикалык мааниси өтө жогору, себеби изилдөөдө алынган натыйжалар негизинен изденүүчүнүн практикалык тажрыйбасына таянуу менен жазылгандыгы байкалып турат. Автор тарабынан иштелип чыккан практикалык сунуштар жүйөлүү жана дене тарбия адистиги боюнча билим алып жаткан студенттер жана аларды окутуп жаткан окутуучулар үчүн тикелей илимий-методикалык ресурс болуп эсептелет.

5. **Изилдөөдөгү корутундулардын жана жоболордун ынанымдуулугу жана негиздүүлүгү:**

Изилдөөдөгү коргоого сунушталып жаткан жоболор каралып жаткан иштин логикасына, анын мазмунуна дал келүү менен изилдөө учурунда алынган маалыматтарды ар тараптан анализдөө аркылуу жүргүзүлгөн. Диссертациядагы эмпирикалык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн илимий натыйжалар жана коргоого сунушталып жаткан жоболор изденүүчү тарабынан жеке иштелип чыккан.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максатына, милдеттерине толугу менен дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелер бири бирине идентүү.

7. Диссертациялык мурдакы абалына салыштырмалуу илимий жаткан бтр топ жакшырган, илимий аппарат жана натыйжалар такталган, ирээтештирилген. Ошол эле мегилде жактоого чейин илимий иштин деңгээлин жогорулатуу максатында төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

- диссертациялык иштин теориялык бөлүгүндө болочок адистердин тогуз коргоол боюнча кесиптик комптентенттүүлүгүн калыптандыруунун

далилдүүлүгүн күчөтүү максатында илимий кайнактарга шилтемелер берүү керек;

- изилдөө коюулуп жаткан жоболорду далилдөөнү талап кылган илимий тезис түрүндө берсе туура болот. Азыркы абалында тек гана изилдөө учурунда алынган натыйжалар түрүндө болуп турат;

- сунушалып жаткан педагогикалык шарттар кантип, кайдан келип чыккандагын далилдөөчү диагностикалык методдору кеңири берүү керек;

- изилдөөдөгү калыптандыруучу эксперименттин максат, милдеттерин, тогуз коргоол боюнча компетенттүлүктүн мазмунун ачууга көңүл буруу зарыл.

**9. Сунуштар:** Жогоруда белгиленген кемчиликтерди алдын ала коргоого чейин оңдоо-түздөө зарыл.

**10. Корутунду.**

Манашева Кенжегул Пазыловнанын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери” аттуу 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иш өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык эмгек болуп эсептелет. Аталган диссертациялык ишти алдын ала коргоого кабыл алууга болот, - деп эсептейм.

**Эксперт:**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун**
**Жогорку мектептин педагогикасы**
**кафедрасынын профессору, п.и.д.** **Асипова Н.А.**

**Кол тамгасын тастыктайм:**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун кадрлар**
**башкармалыгынын башчысы** **Жайакова А.А.**

**16.09. 2024.**

Эксперт, профессор Н.А. Асиповanын кол тамгасын тастыктайм.
Диссертациялык кеңештин окум. катчы
Абдыкапарова А.О